Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери үчүн 2022-2023-окуу жылына карата август кеңешмелерине

# МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР


Кут Билим

http://www.kutbilim.kg

2022-ЖЫЛ, 19-АВГУСТ №30 (10967)

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

КООМДУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛМА / ОБЩЕСТВЕННО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ, НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ


# БИЛИМ БЕРҮҮ – АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТ




**Мугалимдердин республикалык салттуу конференциясы 23-августта Бишкекте болот.**

*КР Президенти Садыр Жапаров Ысык-Көл районундагы "Билим Ордо" мектеп-комплексинде*

Билим берүү бүгүнкү күндө өлкөнүн ийгилигинин эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бирине айланууда жана дүйнөдөгү социалдык өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыты болуп саналат. Адамзат цивилизациясынын прогрессивдүү өнүгүшүндө билим берүүнүн ролу өтө чоң.

Жогорку билимдүү адам гана коомдун өнүгүшүнө оң таасирин тийгизе аларын, ал өз кезегинде экономикалык, маданий жана социалдык прогресстин лидери боло аларын бүткүл дүйнө эчак эле моюнга алган.

Кыргызстан глобалдык дүйнөнүн бир бөлүгү, ошондуктан дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр коомдун жашоосунда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында да тиешелүү өзгөрүүлөрдү талап кылууда. Кошумчалай кетсек, муну өлкөбүздүн социалдык-экономикалык жана социалдык-маданий муктаждыктары талап кылат, ал өсүп келе жаткан муундан жогорку сапаттагы билимди жана жаңы шарттарга адаптация жөндөмдүүлүгүн күтөт.

Тилди окутууда тил көндүмдөрүнүн функционалдуулугуна, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга жана медиа сабаттуулукка басым жасоо керек.

Окутуунун мазмунун интеграциялоо аркылуу дисциплиналар аралык интеграцияны ишке ашыруу үчүн окутуунун STEM ыкмасын (S – илим, T – технология, E – инженерия, M – математика) колдонуу сунушталат. Ошондой эле заманбап билимде дисциплиналар аралык жана прикладдык мүнөзгө ээ STEAM билимине (S – илим, T – технология, E – инженерия, A – искусство жана M – математика) суроо-талап чоң. Бул ыкмалар чыгармачылык, изилдөө жана аналитикалык көндүмдөрдү, критикалык ой жүгүртүүнү, кызматташууну жана көйгөйлөрдү чечүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Бул ыкмалардын бардыгы дүйнөдөгү алдыңкы тенденциялар болуп саналат жана өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү сыйлоо, өзүн-өзү башкара билүү жөндөмүнө ээ боло алган мектеп бүтүрүүчүсүнүн моделин калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Кыргыз билим берүү академиясы жашыл экономика жана климаттын өзгөрүүсү, STEM, STEAM-окутуунун мамилелери, медиа сабаттуулук, функционалдык сабаттуулук (окуу сабаттуулугу, табият таануу сабаттуулугу, математикалык сабаттуулук) маселелерин камтыган предметтик стандарттарды иштеп чыгууда. Ошондой эле милдеттерди чечүү үчүн технологиялар жана куралдар сунушталат.

Методикалык сунуштарды мектепке чейинки жана мектептик билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин август кеңешмелеринде колдонууга болот.


А.НИЯЗОВА,
КББАнын окумуштуу катчысы


## БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖЕТЕКТӨӨЧҮ НЕГИЗГИ ДОКУМЕНТТЕР:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2009-ж.);
- Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» Мыйзамы (2020-ж.);
- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 2-апрелиндеги №54 Жарлыгы);
- 2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүү программасы (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 4-майындагы №200 Жарлыгы);
- Мамлекеттик билим берүү стандарты (2022-жыл);
- Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгы (2021-жыл);
- 2021–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында жарандык инсандыкты өнүктүрүү концепциясы (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы);
- мектептик билим берүүнүн предметтик стандарттары.

(Методикалык сунуштар гезиттин августтагы үч санына катары менен жарыяланды)

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ДИРЕКТОРЛОРУ ЖАНА УСУЛЧУЛАРЫ ҮЧҮН

Мектепке чейинки билим берүүнүн тез жүрүп жаткан өзгөрүүлөрү, биринчи кезекте, индустриалдык коомдон маалыматтык коомго өтүү менен байланыштуу. Коом канчалык технологиялык жактан өнүккөн болсо, адамзат ошончолук жогору бааланат, ошондуктан учурда өлкөдө XXI кылымдын жумшак көндүмдөрү «Soft skils» жөнүндө көбүрөөк сөз болуп жатат. Ар кандай технологиялар баланын жашоосуна канчалык терең кирсе, өнүккөн жумшак көндүмдөр: сүйүүнүн, назиктиктин, эмпатиянын көрүнүшү, кубануу, достошуу жана баарлашуу жөндөмдүүлүгү ошончолук талап кылынат. «Soft skils» – бул күнүмдүк жашоодо да, жеке өнүгүүнү башкарууда да, биринчи жардам көрсөтүүдө жана убакытты билгичтик менен башкарууда зарыл болгон эффективдүү коммуникаторлордун жана лидерлердин көндүмдөрү. Ошондуктан мугалимдер жаш муундун ийгиликтүү болушу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырууга жана өнүктүрүүгө чоң көңүл буруулары зарыл. Адамдын негизги көндүмдөрү жана баалуулуктары бала кезинде калыптанат, андыктан мектепке чейинки курак өзгөчө мааниге ээ.

Мектепке чейинки билим берүү өз ишин «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» (2020) стандартына ылайык жүргүзөт;

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерлеринин эң негизги максаты – баланы чыгармачыл инсан катары калыптандыруу. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй негизги милдеттер коюлган: балдардын физикалык жана психикалык саламаттыгын коргоо жана чыңдоо, алардын эмоционалдык бакубаттуулугун, жаш курагын, инсандыгын, жынысын, психологиясын эске алуу менен көп маданияттуу инклюзивдик чөйрөнү калыптандыруу, балдардын физикалык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрү, балдарды мектепке милдеттүү түрдө даярдоо жана аларды социалдык адаптациялоо, педагогикалык процесске заманбап талаптарды аныктоо, мектепке чейинки билим берүү уюмунун ишинин сапатына мониторинг жана талдоо жүргүзүү. Коюлган милдеттерден негизинде азыркы шартта педагогдун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары аныкталат: өз алдынча билим алуу, мугалимдин өзүнүн дүйнө таанымын кеңейтүү жана кесиптик ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз өркүндөтүү; балдардын билим берүү мейкиндигин кеңейтүү; класста балдардын көйгөйлүү-изилдөө иштерин уюштуруу; жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен атайын сабактарды уюштуруу аркылуу заманбап гаджеттерди колдонууда оң тажрыйбага ээ болуу боюнча балдардын билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу.

Педагогикалык иштин ийгилиги үчүн сюжеттүү-ролдук оюндар, докладдар, педагогдордун чогулушундагы чыгып сүйлөөлөр, ата-энелер чогулуштары, дидактикалык оюндар, кыймылдуу оюндардын сценарийлерин акырындык менен билим берүү жана өнүктүрүү иштеринин деталдуу жыйындыларынын маалыматтык-методикалык базасын түзүү жана балдар менен долбоорлоо иштерин уюштуруу зарыл. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде көп тилдүү билим берүү өнүгүп жатат, анда «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» мамлекеттик стандартында берилген балдардын өнүгүү индикаторлоруна басым жасоо керек (https://kao.kg/wp-content/uploads/).

Учурда балдарды окутууга жана тарбиялоого ата-энелердин катышуу маселеси курч турат. Баланын инсандыгын калыптандырууга ата-эне кичинекей кезинен эле пайдубал түзүшү керек. Мындай шарттарда ата-эненин жоопкерчилигинин деңгээлин, ошондой эле эненин да, атанын да, мыйзамдуу өкүлдөрүнүн баланы тарбиялоо, өнүктүрүү жана окутуу маселелери боюнча билим, көндүм жана жөндөм деңгээлин жогорулатуу зарыл.

Балдардын санариптик ресурстарга, виртуалдык баарлашууга, бүткүл дүйнөлүк желе ресурстары боюнча маалымат издөөгө болгон кызыгуусу, бир жагынан алардын билим берүү тармагындагы өнүгүүсүн чагылдырат. Экинчи жагы – балалыктын курч социалдык тобокелдиктери, анын ичинде инклюзивдүү балдар, девианттык (девианттык, делинквенттик) жүрүм-турум, инфантилизм, балалык депрессия ж.б.

Мектепке чейинки билим берүү адистери «Bebbo» программасын, ата-энелер үчүн электрондук платформаны иштеп чыгышкан, анда баланы тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жана билим берүүнүн социалдык маселелерине ата-энелердин/мыйзамдуу өкүлдөрдүн жана педагогдордун катышуусу ажырагыс бөлүгү болуп саналат. «Bebbo» билим берүү санариптик платформасы жана ата-энелер үчүн колдонмо эрте билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылат жана тарбиячыларды, балдарды жана алардын ата-энелерин колдогон салттуу окутууну толуктайт. Бул санарип платформалар ата-энелер жана педагогдор, ошондой эле мектепке чейинки балдар үчүн жеткиликтүү жана сапаттуу эрте окутуу ресурстарын камсыз кылуу үчүн натыйжалуу туруктуу санариптик платформа. https://play.google.com/store/apps/details?id=org.unicef.ecar.bebbo.

Балдарды тарбиялоодо баланын жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө бекем камтылган жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарына, ата-энелерге/мыйзамдуу өкүлдөрүнө таасир тийгизген маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чоң мааниге ээ. Аларды колдонууга туура мамиле кылуу менен маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) балдардын жумшак көндүмдөрүн «Soft skils» өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшөт.

**Балдардын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө тарбиячылардын төмөнкүлөргө көңүл буруусу маанилүү:**

1. Коммуникация жөндөмдөрү.
2. Лидерлик сапаттар.
3. Көңүл буруунү башкаруу жана концентрация.
4. Чыгармачыл ой жүгүртүү.
5. Мейкиндиктик ой жүгүртүү жана фантазия.
6. Логика.
7. Маалымат менен иштөө көндүмдөрү.
8. Башка балдар менен бир группада иштөө жана болуу.
9. Критикалык ой жүгүртүү
10. Балдардын когнитивдик жөндөмдөрүн, ошондой эле социалдык, эмоционалдык жана физикалык өнүгүүсүн өркүндөтүү.
11. Эмоционалдык интеллект.

Бул көндүмдөрдүн баарын STEAM технологиясы аркылуу түзсө болот. Бишкек шаарындагы №22 мектепке чейинки билим берүү уюмунда бул көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча тажрыйба бар, анда 2021-жылдын июнь айынан баштап билим берүү процессине STEAM технологияларын киргизүү боюнча долбоордук иш-чаралар жүргүзүлүүдө (https://instagram.com/_doo22_?igshid=YmMyMTA2M2Y=).

Ийгиликтүү чыгармачыл инсанды калыптандыруу үй-бүлөдөн, бала бакчадан башталарын мугалимдер, ата-энелер, жалпы коомчулук жакшы билишет. Ошондуктан ата-энелер менен иштөөнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын камтыган түйшүктүү иш талап кылынат, алар: кыска маектер, тематикалык ата-энелер чогулуштары, сурамжылоо жүргүзүү жана аны талдоо, ата-энелер үчүн (адистерди чакыруу менен) семинарлар.

**Август кеңешмесинде тарбиячылар үчүн сунушталган талкуу темалары:**

1. Заманбап технологияларды өнүктүрүү процессинде МКТны колдонуу менен мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдорунун көндүмдөрүн өнүктүрүү.
2. Мектепке чейинки балдарды өнүктүрүүдө санариптик технологияны колдонуу.
3. Мектепке чейинки балдарды адеп-ахлактык тарбиялоодогу этномаданий аспект.
4. Санариптештирүү жана STEAM технологиялары доорунда балдардын өнүгүүсү;
5. Үй-бүлө менен иштөөнүн салттуу эмес формаларын киргизүү аркылуу билим берүү процессине ата-энелерди активдүү катышууга тартуу жана өнүгүп жаткан предметтик-мейкиндик чөйрөсүн байытуу.

**Сунушталган адабияттар:**


1. 3төн 6 жашка чейинки балдардын «Балалык» өнүгүү программасы, 2017-ж.
2. «Наристе» мектепке балдарды даярдоо программасы (480 саат), 2015-ж.
3. 3 жаштан 7 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана тарбиялоо боюнча колдонмо, 2015-ж.
4. Ата-энелер үчүн колдонмо, «Сыйкырдуу сандык», Бишкек, 2014-ж.
5. Балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу программасы "Алтын ачкыч". Бишкек, 2013-ж.
6. Китепканалардын жана башка социалдык объектилердин базасында Балдарды өнүктүрүү борборлорунда 3-5 жаштагы балдарды тарбиялоо, өнүктүрүү жана окутуу программасы. Түзгөндөр: Орусбаева Т.А., Тентиева Э.Б., Төлөбекова З.Ш., Жаныбекова Г.Ж. Бишкек, 2021-ж.
7. Алиева Т.Э., Бектемирова А.Т. «Манас» эпосуна жана андагы жети осуятка болгон кызыгууну өнүктүрүү. Бишкек, 2012-ж.
8. Мадаминов Г.М. «Ата-энелер үчүн», Бишкек, 2017-ж.
9. Китеп окурман. Бишкек, 2016-ж.
10. Кыргыз тилинин программасы. Республикалык окуу-тарбия орус тилиндеги билим берүү уюмдары үчүн. Бишкек, 2012-ж.
11. Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдору үчүн «Тарбиячыларга кеңеш» усулдук колдонмосу. Бишкек, 2014-ж.
12. Наристе (Бөбөктөр үчүн) бала бакчасынын тарбиячылары үчүн окуу куралы. Бишкек, 1989-ж.
13. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. «Мектеп», 1987-ж.


# ДЛЯ ДИРЕКТОРОВ И МЕТОДИСТОВ ДОШКОЛЬНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ

В связи с переходом от индустриального общества к информационному, происходят серьезные изменения в системе образования, в том числе в дошкольном образовании. Чем технологичнее общество, тем выше будет цениться человечность, поэтому на данный момент в стране все больше говорим о мягких навыках XXI века «Soft skills». Чем глубже различные технологии проникают в жизнь ребенка, тем более востребованными становятся развитые мягкие навыки: проявление любви, нежности, эмпатии, умение сопереживать и радоваться, дружить и общаться. Мягкие навыки «Soft skills» – это навыки эффективных коммуникаторов и лидеров, необходимые как в повседневной жизни, так и в управлении личным развитием, в умении оказывать первую помощь, грамотно управлять своим временем. Поэтому педагогам следует уделять большое внимание формированию и развитию необходимых навыков успешной жизни молодого поколения. Ключевые навыки и ценностные представления человека формируются в детстве и особую значимость имеет дошкольный возраст.

Дошкольное образование осуществляет свою деятельность в соответствии с Государственным стандартом «Дошкольное образование и уход за детьми» (2020 г.).

Важнейшая цель педагогических работников дошкольной образовательной организации - формирование ребенка как цельной творческой личности. Для достижения поставленной цели ставятся следующие основные задачи: охрана и укрепление физического, психического здоровья детей, их эмоционального благополучия, формирование поликультурной инклюзивной среды с учетом возрастных, индивидуальных, половых, психологических и физиологических особенностей детей, обязательная подготовка детей к школе и их социальная адаптация, определение современных требований к педагогическому процессу, мониторинг и анализ качества работы дошкольной образовательной организации. На основе задач определяются основные направления деятельности воспитателя в современных условиях: самообразование, расширение собственного кругозора педагога и постоянное совершенствование профессиональной деятельности; расширение образовательного пространства воспитанников; организация проблемно-поисковой работы воспитанников на учебных занятиях; формирование навыков и умений воспитанников в приобретении положительного опыта использования современных гаджетов через организацию специальных занятий с применением новых информационных технологий.

Для успешности педагогической работы необходимо постепенно создавать информационно-методическую базу подробных конспектов учебно-развивающих занятий, сюжетно-ролевых игр, докладов, выступлений на педсоветах, родительских собраниях, игротеку дидактических, подвижных игр, сценариев организации проектных работ с детьми и др.

Развивается многоязычное образование в дошкольных образовательных организациях, в котором необходимо ориентироваться на индикаторы развития детей, представленные в Госстандарте «Дошкольное образование и уход за детьми» (https://kao.kg/wp-content/uploads/).

В настоящее время остро стоит вопрос участия родителей в обучении и воспитании детей. С раннего возраста родители должны заложить основы в области развития личности ребенка. В этих условиях необходимо повышать уровень родительской ответственности, а также уровень знаний, умений

и навыков как матерей, так и отцов, законных представителей в вопросах воспитания, развития и образования ребенка.

Интерес детей к цифровым ресурсам, к виртуальному общению, к поиску информации на ресурсах Всемирной сети Интернет, с одной стороны, отражает их развитость в образовательных областях. Другая сторона – острые социальные риски детства, среди которых, инклюзивные дети, отклоняющееся (девиантное, делинквентное) поведение, инфантилизм, детская депрессия и т.д.

Специалистами дошкольного образования разработана программа и электронная платформа «Bebbo» для родителей, где участие родителей/законных представителей и педагогов-воспитателей в социальных вопросах воспитания, развития и образования ребенка является неотъемлемой частью. Обучающий цифровой паспорт и приложение «Bebbo» для родителей обеспечивает непрерывность раннего обучения и дополняет традиционное обучение, которая оказывает поддержку педагогам дошкольного образования, детям и их родителям. Эта эффективная устойчивая цифровая платформа для обеспечения доступа к качественным ресурсам раннего обучения для родителей и педагогов-воспитателей, а также для детей дошкольного возраста через цифровые платформы. (https://play.google.com/store/apps/details?id=org.unicef.ecar.bebbo).

Большое значение в образовании детей имеют информационно-коммуникационные технологии, которые прочно входят во все сферы жизни ребенка и затрагивают дошкольные образовательные организации, родителей/законных представителей. При правильном подходе к их использованию информационно-коммуникативные технологии (ИКТ) способствуют созданию условий для развития у детей мягких навыков «Soft skills».

**Педагогам-воспитателям важно уделить серьезное внимание развитию у детей следующих навыков:**

1. Коммуникативные навыки;
2. Лидерские качества;
3. Управление вниманием и концентрация;
4. Творческое мышление;
5. Пространственное мышление и воображение;
6. Логика;
7. Навыки работы с информацией;
8. Умение работать и быть в группе с другими детьми;
9. Критическое мышление;
10. Улучшить когнитивные навыки, а также социальное, эмоциональное и физическое развитие детей;
11. Эмоциональный интеллект.

Все перечисленные навыки можно формировать через STEAM технологии. Имеется положительный опыт формирования данных навыков в дошкольной образовательной организации №22 г. Бишкек, в которой с июня 2021года осуществляется проектная деятельность по внедрению STEAM технологий в образовательный процесс (https://instagram.com/_doo22_?igshid=YmMyMTA2M2Y=).

Педагоги, родители, общество в целом хорошо понимают, что формирование успешной творческой личности начинается с семьи, детского сада. Поэтому требуется кропотливая работа с родителями, которая предполагает разнообразие форм и методов работы с ними: краткие беседы, тематические родительские собрания, анкетирование и его анализ, семинары для родителей (можно с приглашением специалистов).

**Рекомендуемые темы для обсуждения на августовских совещаниях воспитателей:**

1. Развитие навыков воспитателей ДОО с использованием ИКТ в процессе развития современных технологий.
2. Использование цифровых технологий в развитии детей дошкольного возраста.
3. Этно-культурный аспект в нравственном воспитании дошкольников.
4. Развитие ребенка в эпоху цифровизации и STEAM технологий.
5. Приобщение родителей к активному участию в воспитательно-образовательном процессе и обогащение развивающей предметно-пространственной среды через внедрение нетрадиционных форм работы с семьей.

**Рекомендуемая литература:**

1. Программа развития детей от 3 до 6 лет «Балалык», 2017.
2. Программа подготовки детей к школе «Наристе» (480 часов), 2015.
3. Руководство по развитию и образованию детей от 3 до 7 лет, 2015.
4. Пособие для родителей «Волшебный сундучок». – Бишкек, 2014.
5. Программа развития, воспитания и обучения детей «Золотой ключик». – Бишкек, 2013.
6. Программа воспитания, развития и образования детей 3-5 лет в Центрах развития ребенка на базе библиотек и других социальных объектах.//Составители: Орусбаева Т.А., Тентиева Э.Б., Толобекова З.Ш, Жаныбекова Г. Ж. – Бишкек, 2021.
7. Алиева Т.Э., Бектемирова А.Т. Развитие интереса к эпосу «Манас» и его 7 заветам. – Бишкек, 2012.
8. Мадаминов Г. М. «Для вас родители». – Бишкек, 2017.
9. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. – Бишкек, 2016.
10. Кыргыз тилинин программасы. Республиканын окуутарбия орус тилинде жүргүзүлгөн мектепке чейинки билим берүү уюмдары үчүн. – Бишкек, 2012.
11. Методическое пособие «Советы воспитателям» для педагогов организаций дошкольного образования Кыргызской Республики. – Бишкек, 2014.
12. Наристе (Бөбөктөр үчүн хрестоматия) бала бакчасынын тарбиячылары үчүн окуу куралы. – Фрунзе, «Мектеп», 1989.
13. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе, «Мектеп» 1987.

З. ТОЛОБЕКОВА,
старший научный сотрудник лаборатории дошкольного и начального образования,
А.БЕКБОЕВА,
старший научный сотрудник лаборатории филологического образования КАО, тел.: раб. 62-23-49, 62-23-72; сот. (0707) 295454, (0556) 077135.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРЫНЫН МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН

Кыргызстандагы башкы маселелердин бири билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, мамлекеттин келечегин түптөө жана бакубат экономикалык өнүгүүгө жетишүү, өз коомунун келечек муундарына татыктуу билим жана тарбия берүү болуп эсептелет. Андыктан өлкөбүздүн экономикалык деңгээлин эске алуу менен билим берүү тармагында келечек муундарга татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү үчүн заманбап үлгүдөгү билим берүүнүн алдыңкы педагогдордун тажрыйбаларын, маалыматтык-коммуникативдик технологияларды, көрсөтмөлүүлүктү ишке ашыруу үчүн ылайыктуу каражаттарды мугалимдин колдоно билүүсү зарыл.

Башталгыч класстарда балдардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси артыкчылыктуу орунда турушу шарт, окуу менен жазуу көндүмдөр эне тили менен чектелбей, орус, англис тилдеринде да өнүккөнү талапка ылайык. Бул окуучунун активдүүлүгүн калыптандырып, анын мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде эркин сүйлөшүнө алып келет. Окуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өзгөчө маани берилип келет, анткени, окуу баланын өзү окуган предметтери эле эмес, башка предметтерди да натыйжалуу өздөштүрүүдө түшүнүүсүн кеңейтүүгө алып келет. Башталгыч класстарда элементардык математикалык сабаттуулуктун алгачкы көндүмдөрү калыптана баштайт. Мындан сырткары окуучунун тапшырмаларды аткаруудагы түшүнгөнүн пайдалануусу жана негизден берүүсү, аткарылуучу иш-аракеттеринин алгоритмин сактоо, түзүү сыяктуу, программалоонун санариптик сабаттуулуктун калыптандырылышы да максатка ылайык. Бул куракта балдар интеграцияланган сабактарды окуп, алардын алган билимдери табият, коом, адам жана анын эмгеги тууралуу түшүнүктөр менен жабдылуусу зарыл.

Башталгыч мектепте окуучу жогорку класстарда окуусун улантып кете ала турган билим, билгичтик, көндүмдөргө, жөндөмдөргө ээ болушуна басым жасалышы керек.

Билим берүү тармагында жетишкен ийгиликтер, табылгалар, тажрыйбалар келечекте коомдун өнүгүүсү үчүн башат болуп саналат, ал билим берүүнүн сапатына түз таасирин тийгизет. Анткени бул тармак даярдап чыгарган адистер канчалык интеллектуалдык потенциалы, өсүп-өнүгүүсү жогору болсо, келечекте заманбап коомду куруучулар эбегейсиз, зор салымдарын кошо алышат.

Билим сапаты жогору, адеп-ахлактуу, санариптик доордун талаптарын ишке ашырган кенже окуучуну даярдоо үчүн компетенттүүлүк мамиленин негизинде иштелип чыккан Мамлекеттик билим берүү стандарттагы негизги компетенттүүлүктү, анын негизинде иштелип чыккан предметтик стандарт аныктаган предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу, андан ары өнүктүрүүчү предметтердин окуу методикалык комплекстерин иштеп чыгуу иши актуалдуу маселе болуп эсептелинет.

Башталгыч класстарын окутууда жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер болуп Кыргыз тили жана окуу, Математика, Мен жана дүйнө предметтеринин стандарттары жана окуу программалары болуп саналат.

## ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Мындан мурдагы окуу жылдарында башталгыч мектептин мугалимдерине окуткан предметтери – Кыргыз тили, Адабий окуу, Математика жана Мен жана дүйнө боюнча предметтик компетенттүүлүктөр жана баалоонун критерийлери жөнүндөгү маселелер сунушталган. Мугалимдер өз сабактарын уюштурууда предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда кенже окуучуларга билим берүүдө маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуунун ээлеген орду көйгөйлүү маселелерден болуп эсептелинет.

Билим берүү жана илим министрлиги аралыктан окутуу үчүн телеканалдарда тартылган, ошондой эле тажрыйбалуу мугалимдер тарабынан даярдалган видеосабактар, кошумча колдонулуучу «Таалим-Форум» тарабынан даярдалган мульти окуу материалдары, Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкерлери тарабынан даярдалган видеосабактар, методикалык видеоматериалдар, тесттер, слайддар, пайдаланууга сайттарга (edu.gov.kg; kao.kg; youtube каналына) жайгаштырылды. Санариптештирүү процессинде бардык предметтерди окутууда заманбап технологиялар колдонулуп, сабактар үзгүлтүккө учурабай, мугалимдер тарабынан улантылып өтүлүп келет. Башталгыч мектеп окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандырууда мугалимдин мультимедиалык каражаттарын өз сабагында колдоно билүүсү үчүн сабактарды санариптештирип уюштуруусу, колдонуу менен көндүмдөрүн өнүктүрүүсү, ошондой эле ата-эне жана коомдун колдоно билүүсү, окуучунун өсүп-өнүгүүсүнө түрткү берген методдорду, стратегияларды колдонуу, алган билимин практикада колдоно алгандай көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өнүктүрүү – актуалдуу маселелердин бири.

Башталгыч класстардын окуучулары үчүн кошумча билим алуусун өнүктүрүү максатында иштелип чыккан «Ibilim» платформасы аралыктан окутууну уюштурууну жеңилдетти (IBilim.kg). Ошондуктан мугалим өзүнүн сабагын санариптештирип уюштуруусу үчүн өзүнүн санариптик технологияларды колдоно алуу менен кенже окуучулар менен бирдикте илимий изилдөө иштерин «Долбоорлоо» методу активдүү колдонул келүүдө. Буга мисал катары КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жарыяланган «Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз!» аталыштагы республикалык конкурс мисал боло алат. Конкурска келип түшкөн материалдар менен фейсбук, ютуб каналдарынан, okuukeremet.com сайтынан таанышып, көрө аласыздар.

Кенже окуучунун сабатын ачуу жана кол жазмасын түптөө иши Кыргыз тили жана окуу предмети аркылуу жүргүзүлүп, кенже окуучунун көз карашын, адамдык сапаттарын, жакшы менен жаманды айырмалап билүү, жакшы болууга умтулуу, жакшы окуу, адеп-ахлакка тарбиялануу, эли-жеринин жана анда жашаган элдердин каада-салтынын өзгөчөлүктөрүн билүү, текстти түшүнгөнүн, тест менен иштөөсүн өнүктүрүү, стратегияларды (стикер аңгеме, каармандар картасы, тамгалар дубалы, катылган тамгалар ж.б.) колдоно алуу жөндөмүн өстүрүү үчүн окутулат. Бул предмет боюнча сааттык жумалык жүктөм 2022-2023-окуу жылынын Базистик окуу планына ылайык окутулат.

Эң негизги көйгөй баланын кебин өстүрүү, сабатын ачуу жана сулуу, таза, эрежеси менен жаза билүүсүн калыптандыруу.

Математика предмети кенже окуучунун эсептөө көндүмүн, окуу материалдарын аңсезимдүү кабыл алуусу, арифметикалык, алгебралык, геометриялык окуу материалдарын өздөштүрүүсү үчүн 1-класста жумасына 4 саат, жыл ичинде 132 саат.

Ал эми 2-4-класстарда математикалык билим концентрдик формада окулуп, сабактар жумасына 5 сааттан, жыл ичинде 170 саат каралат. Ошол себептен 4-класста 1 саат кыскарганына байланыштуу окуу программасына өзгөрүүлөр киргизилет. Окуу программасын Кыргыз билим берүү академиясынын сайтынан алсаңыздар болот (https://kao.kg/учебные программы).

Окуу процессин өнүктүрүп окутуу үчүн жаңыча «Түшүнүү жана негиздөө» стратегиясын, кошумча «Моделдердин көптүгү», «Көндүмдөрдү өнүктүрүү прогресси» стратегияларын, «Скаффолдинг», «1–100 таблицасы», «Конкреттүү, графикалык, абстрактуу (КГА)», «Боолор жана таякчалар», көлөмдүү фигуралардын (кубиктердин) жайгашуусу боюнча ээлеген ордун аныктоо, кырдаалдык маселелер жана алардын деңгээлдери ж.б. колдонуу кенже окуучунун билим сапатын тереңдетүүгө алып келет.

Мен жана дүйнө предмети интеграцияланган предмет, жумасына 2 саат, жыл ичинде 1-4-класстарда 66/68: 1-класстарда – 66, 2-4-класстарда 68 саат бөлүнгөн. «2022-жыл – Тоолорду коргоо жана климаттык туруктуулук жылы» деп жарыялангандай, тоолордун жашоо-тиричиликтеги мааниси жана аларды сактай билүү, жашыл экономика, экологияны сактоо, таштандыларды кайра иштетүү, Кыргызстандын жаратылышынын кооздуктары жана байлыктары, ден соолукту чыңдоо, маалыматтык-техникалык каражаттарды колдонуу менен жаратылышка байкоо жүргүзүү, аларды каттоо жана талдоо, интернет булактарынан пайдалана билүү сыяктуу маселелерди ишке ашыруу сунушталат.

Эске алынуучу нерсе – бул кенже окуучунун окуганын түшүнүүсү, окурмандыгын уюштуруусу, өз колу менен ар кандай китепчелерди жаратуусу, сүрөт тартуу менен оюн чагылдыра алуусу, жаратылышка аяр мамиле жасоосу, өзүн тыкан, таза алып жүрүүсү, кооптуу жерлерден сактана алуусу, башкалардан жардам алуусу жана жардамдашуусу сыяктуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мугалимдер өз сабактарында мисалдарды окуучуну курчап турган айланачөйрөдөн, жашоо-тиричиликтен келтирүүсү маанилүү. Анткени кенже окуучунун PISA тапшырмаларын аткарууга даярдыгы башталгыч класстарда башталат.

**Предметтердин окуу-нормативдик документтери, методикалык жардамдары төмөнкү сайттарга, каналдарга жайгаштырылган:**

https://edu.gov.kg
http://kao.kg
https://youtube
https://telegramm

**Мугалимдердин мультимедиалык технологияны өз сабагында ишке ашыруусунда эске алуучу сунуштар:**

1) Башталгыч мектептин билим берүү процессин предметтер боюнча электрондук окуусулдук материалдары менен колдоо;
2) Башталгыч мектепте мугалимдердин

маалыматтык коммуникативдик технологияларды өз сабагында колдонуусу;

3) Санарип сабактарды уюштурууда жаңыча методдорду, окутуунун формаларын уюштура билүүсү;

4) Мугалимдердин интернетте иштей алуу көндүмүнө жараша ар кандай сайттардан (Билим берүү жана илим министрлигинин сайты, Кыргыз билим берүү академиясынын сайты, мугалимдерди методикалык жактан окутуу үчүн сайттар, мультисабак ж.б.), каналдардан, группалардан өзүнө керектүү окуу-усулдук материалдарын таап колдоно билүүсү. Бул ар бир мугалим үчүн сөзсүз ишке ашырылуучу нерсе, башкача айтканда башталгыч класстардын мугалимдеринин санариптик көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Окуу процессин уюштурууда интерактивдүү методдорду/технологияларды колдонуу менен кенже окуучунун жоопкерчилигин, өз алдынчалуулугун, баарлаша алуусун, өз пикирин сунуштоону, талдоону, өз иш-аракеттерин баалай билүүсүн, керектүү окуу материалдарын жергиликтүү окуу материалдары менен байытуу, толуктоо көндүмдөрүн өнүктүрүү иштерин мугалимдин эске алуусу.

**ТАРБИЯЛЫК БАГЫТТА АТКАРЫЛУУЧУ ИШТЕР**

Аралыктан окутуу учурунда кенже окуучуларга жеке мамиле жасоо, улуу жана кичүүлөр менен баарлаша билүү, жардам алуу, жардамдашуу, үй тапшырмасын, илимий изилдөө иштери боюнча аткарылуучу тапшырмаларды долбоорлоо методу колдонуу менен аткарууда кошумча окуу материалдарын таап, керектүүлөрүн кошуу, өз табити менен презентация жасай алуу, ар кандай аткарылган иштерди талдоо жүргүзүү менен жакшы жана начар жактарын айта билүү, ой-пикир, сунуштарды айтууга, өзүн курчап турган айлана-чөйрөдөгүлөрдү сактоо, баалуулуктарга мамиле кыла билүү сыяктуу жөндөмдөрүн өркүндөтүү иштери ата-энелердин катышуусу менен мугалимдин жетекчилигинде талап кылынат. «Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү сыйлоо» сыяктуу маанилүү макал-лакаптарды чечмелей билүү менен башкаларга мисал келтирип, өз оюн ачык айта алууга багыттоо. Сабак учурунда жана жайкы эс алуу убагында эстетикалык табитинин өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү максатында жаш өзгөчөлүгүнө карабай китепкөйлүгүн өөрчүтүү, окуган китептеринин мазмунун чагылдырып сүрөт тартуу, өзү жактырган мазмун боюнча чакан китепчелерди жасоо ишин колго алуу зарыл. Жоопкерчиликти сезе билүүсү, сабакка өз учурунда келип катышуу менен тапшырмаларды өз алдынча аткарууга жетишүүсүн ата-энеси, мугалимдердин көзөмөлдөөсү зарыл.

**Төмөнкү маселелерди талкуулоо сунушталат:**

• «2022-жылы – Тоолорду өнүктүрүү» жылына карата темаларды аныктоо, маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын жардамы менен класстык, тарбиялык сааттарды уюштуруу;

• Башталгыч мектепте маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын билим берүүдө колдонуунун артыкчылыктары жана көйгөйлөрү;

• «Долбоорлоо методу» кенже окуучунун өз алдынча өсүп өнүгүүсүн, жоопкерчилигин, изденүүсүн калыптандыруу.

• Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда деңгээлдүү тапшырмаларды жана мультимедиалык каражаттарды колдонуу.

• Кенже окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн практикага багытталган тапшырмаларды берүү жана окутуунун заманбап стратегияларды, техникаларды колдонуу учурдун талабы;

• Inshot, Zoom, Classroom ж.б. платформаларды колдонуп, аралыктан окутууну уюштуруу жана тажрыйбаларды жайылтуу;

• Башталгыч билим берүүдө кайтарым байланыштын кенже окуучунун жетишкендиктерин текшерип-баалоодогу Google, Classroom платформасынын ролу.

# ДЛЯ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Одной из главных задач в Кыргызстане является улучшение качества образования, создание фундамента будущего государства и достижение высокого роста экономики, предоставление достойного образования и воспитания будущим поколениям общества. Для этого необходимо, чтобы учитель располагал передовым образовательным опытом педагогов современного образца, умел применять информационно-коммуникативные технологии и средства для реализации наглядности.

Вопрос формирования у детей навыков чтения и письма в начальных классах должен занимать приоритетное место, навыки чтения и письма должны быть развиты не только на родном языке, но и на русском и английском языках. Это формирует активность ученика и приводит к его свободному владению одним из государственных, официальных и иностранных языков. Большое значение придается формированию навыков чтения, так как чтение приводит к расширению понимания ребенком эффективного овладения знаниями не только по предметам, которые он изучает, но и по другим предметам.

В начальных классах начинают формироваться первые навыки элементарной математической грамотности. Кроме этого, соответствует поставленной цели понимание, обоснование и построение учащимися алгоритма действий при выполнении заданий, формирование цифровой грамотности, включающей элементы программирования. В этом возрасте дети должны изучать интегрированные предметы и приобретать знания о природе, обществе, человеке и его труде.

В начальной школе должен быть сделан акцент на приобретение учеником знаний, умений, компетентностей, которые помогут ему продолжить обучение в старших классах.

Достижения, находки, опыт, имеющиеся в сфере образования, являются отправной точкой для развития общества в будущем, что напрямую влияет на качество образования. Ведь чем выше будет интеллектуальный потенциал и уровень специалистов, которых готовит система образования, тем больший вклад в будущее смогут внести строители современного общества.

Актуальной задачей является разработка учебно-методических комплексов по предметам, которые формируют и далее развивают ключевые компетентности, определенные в Государственном образовательном стандарте, разработанном на основе компетентностного подхода, также предметные компетентности, определенные предметным стандартом, для подготовки учащихся начальных классов с высоким уровнем качества образования, нравственности, реализующих требования цифровой эпохи.

Учебный процесс в начальных классах общеобразовательных школ осуществляется на основании предметных стандартов и учебных программ Русского языка, Чтения, Математики, Я и мир.

**ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТАМ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ**

В предыдущие учебные годы предлагались вопросы о предметных компетентностях и критериях оценки по предметам Русский язык, Чтение, Математика и Я и мир. Проблемным вопросом считалось место применения учителями информационно-коммуникативных технологий в образовании младших школьников при формировании предметных компетентностей во время занятий.

Министерство образования предоставляет видеоуроки, снятые на телеканалах для дистанционного обучения, а также подготовленные опытными учителями, дополнительно применяемые мульти-учебные материалы, разработанные «Таалим-форум»: видеоуроки, методические видеоматериалы, тесты, слайды, подготовленные научными сотрудниками Кыргызской академии образования (edu.go.kg; kao.kg; youtube канал). Занятия проводятся учителями непрерывно. В процессе цифровизации в обучении по всем предметам используются современные технологии. Одной из актуальных задач начальной школы является организация цифровых занятий, развитие навыков учителя использовать мультимедийные средства для формирования компетентности учащегося в своем классе, а также умение родителей и общества использовать методы, стратегии, стимулирующие его развитие, развитие навыков и умений, позволяющих применять полученные знания на практике.

Разработанная с целью развития дополнительного образования для учащихся начальных классов платформа «IBilim», упростила организацию дистанционного обучения (IBilim.kg). Поэтому учитель, имея возможность использовать свои цифровые технологии для цифровой организации урока, активно использует метод «проектирования» научно-исследовательских работ совместно с младшими школьниками. Одним из примеров является объявленный министерством образования и науки КР республиканский конкурс «Читаем, творим, исследуем!». Материалы, поступившие на конкурс, можно посмотреть на каналах фейсбук, ютуб и на сайте okuukeremet.com.

Работа по развитию навыков и формированию почерка младшего учащегося ведется через предмет Русский язык и чтение, который обогащает мировоззрение младшего школьника, его человеческие качества. Данный предмет развивает у учащихся понимание добра и зла, стремление к добру, осознанное беглое чтение, нравственное воспитание; направлен на изучение особенностей культуры народов, развитие понимания текста, работы с тестами. На уроке применяются разнообразные стратегии (рассказ стикер, карта персонажей, стена с буквами, скрытые письма и т.д.). Часовая недельная нагрузка по данному предмету дается согласно Базисному учебному плану на 2022-2023 учебный год.

Предмет Математика предназначен для сознательного восприятия младшим учеником вычислительных навыков, овладения арифметическими, алгебраическими, геометрическими учебными материалами. В 1х классе выделяется по 4 часа в неделю, в течение года 132 часа.

Во 2–4 классах математика изучается в концентрированной форме, уроки изучаются 5 часов в неделю, 170 часов в год. В связи с сокращением на 1 час в 4 классе в учебную программу будут внесены изменения. Вы можете скачать учебную программу с сайта Кыргызской академии образования (https://kao.kg/учебные программы).

Необходимо использовать новые стратегии: «понимание и обоснование» «множество моделей», «прогресс развития навыков», «скаффолдинг», «таблица 1–100», «конкретно, графически, абстрактно (КГА)», «пучки и палки», определение места по расположению объемных фигур (кубиков), ситуационные задачи и их уровни и т.д. Их применение ведет к более глубокому качественному обучению младшеклассника.

Предмет Я и мир – интегрированный предмет, выделено 2 часа в неделю в 1-4 классах, в течение года 66/68 часов: в 1х классе – 66 часов, во 2х-4х классов – 68 часов. 2022 год объявлен «Годом охраны гор и климатической устойчивости», предлагается реализовать такие вопросы, как жизнеобеспечение и умение сохранять горы, зеленая экономика, сохранение экологии, переработка отходов, красота природы Кыргызстана, укрепление здоровья, наблюдение за природой с использованием информационно-технических средств, их регистрация и анализ, доступ к интернет источникам.

Что нужно учитывать – это развитие у младшего школьника таких навыков, как понимание прочитанного, организация читательской аудитории, создание различных брошюр своими руками, умение рисовать и описывать, бережное отношение к природе, аккуратное поведение и содержание в чистоте предметов, соблюдение правил безопасности, оказание помощи другим. Важно, чтобы учителя на своих уроках приводили примеры из окружающей ученика среды, образа жизни. Ведь подготовка к выполнению заданий PISA начинается в младших классах.

**Учебно-нормативные документы, методические пособия по предметам начальной школы, размещены на следующих сайтах, каналах:**

https://edu.gov.kg
http://kao.kg
https://youtube
https://telegramm
https://okuukeremet

Рекомендации, которые следует учитывать учителям при внедрении мультимедийных технологий в своих классах:

1) Поддержка образовательного процесса начальной школы электронными учебно-методическими материалами по предметам;

2) Использование учителями начальной школы информационно-коммуникативных технологий на уроках в своих классах;

3) Умение организовывать новые методы, использовать формы обучения при организации цифровых ТРК;

4) В зависимости от навыков работы учителей, умение находить в интернете, на различных сайтах (сайт Министерства образования и науки, сайт Кыргызской академии образования, сайты для методического обучения учителей), каналах, группах необходимые учебно-методические материалы. Это то, что обязательно должно быть реализовано каждым учителем, то есть развитие цифровых навыков учителей начальной школы.

Вместе с использованием интерактивных методов/технологий в организации учебного процесса, учитель должен учитывать ответственность, самостоятельность учащихся, их умение общаться, выражать свои мысли, анализировать, оценивать свои действия, работу учащихся начальных классов по развитию навыков пополнения, обогащения необходимых учебных материалов местными учебными материалами.

**РАБОТА ВОСПИТАТЕЛЬНОГО НАПРАВЛЕНИЯ**

При дистанционном обучении, под руководством учителя, с участием родителей, требуется работа с учащимися начальных классов по развитию навыков взаимообщения, общения со старшими и младшими, оказания помощи, поиска дополнительных учебных материалов и добавления необходимых при выполнении домашних заданий, подготовке проектов по научно-исследовательской работе с использованием методов проектирования, подготовке презентаций на свой вкус, анализу проделанной работы, определению плюсов и минусов, выражению мнений, предложений, сохранению окружающей среды, отношению к ценностям. Вместе с умением интерпретировать такие важные понятия, как «Уважай старших и младших», ориентировать младшеклассников наглядными примерами о навыках высказывания и отстаивания своего мнения. В целях содействия развитию эстетических вкусов во время занятий и во время летних каникул, независимо от возраста, необходимо развивать любовь к книге, умение иллюстрировать содержание прочитанных книг и создавать свои книжки-малышки по любимым сюжетам. Ответственность, своевременное посещение занятий и выполнение заданий должны контролироваться родителями, учителями.

**Вопросы для обсуждения:**

• Определение темы «2022 год – год развития гор» для организации классных, воспитательных часов с помощью информационно-коммуникативных технологий;

• Преимущества и проблемы использования информационно-коммуникативных технологий в образовании в начальной школе;

• Формирование самостоятельного развития, ответственности, стремления младшего школьника с помощью «метода проектирования»;

• Использование многоуровневых заданий и мультимедийных средств при формировании ключевых и предметных компетентностей;

• Современные требования для развития логического мышления младшего школьника: необходимые задачи, ориентированные на практику и использование современных стратегий, методов обучения;

• Организация дистанционного обучения с использованием платформ Inshot, Zoom, Classroom и др. и распространение положительного опыта;

• Роль Google, Classroom в проверке обратной связи и оценке успеваемости младших школьников.

Чынар АТТОКУРОВА,
заведующая лабораторией дошкольного и начального образования КАО
тел.: 0312 62-23-49

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде)



Учурдагы глобалдашуу мезгилинде коомдо билим берүүнүн ролу өзгөчө өсүүдө. Анткени «билим – коомду алга жылдыруучу локомотив», ал аркылуу адам жаңыланат, калыптанат жана тарбияланат, адам аркылуу коом жаңыланат. Билим берүү аркылуу мектеп босогосунан тарта жаңы муун турмушка даярданат, ар тарабынан өнүгөт. Бул маселелер дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүндө ийгиликтүү чечилип, эл аралык PISA сыноосунда оң натыйжаларга жетишүүдө. STEM технологиясы аркылуу келечектин эң керектүү адистери тарбиялануда.

Соңку жылдарда Кыргызстандын мектептеринде «Окуу – керемет» долбоору ийгиликтүү практикаланып, окуучулардын ар тараптуу өнүгүп-өсүүсүнө пайдубал болуучу окуп-түшүнүүнүн технологиялары практикага кирүүдө. Анын ичинде кыргыз тили сабактарында да «Окуу – керемет» долбоорунун технологияларын STEM технологиясы менен интеграциялоо аркылуу окуучуларды PISA сынагына ийгиликтүү даярдоонун жолдорун издөө да ийгиликтүү башталды. Ошондуктан ар бир технологияны, ар бир методду өз алдынча эмес, бири-бири менен байланыштырып колдонуу аркылуу алгылыктуу натыйжага жетүү жолун табуу бүгүнкү күндө өтө баалуу болмокчу.

Ушул багытта 2022-жылы окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясы Билим берүү академиясында өркүндөтүлүп иштелип чыгып, министрликтин коллегиясында бекитилди. Анда кыргыз тилин практикалык негизде окутууга басым коюу, тил аркылуу кыргыз элинин рухий маданиятын өздөштүрүүгө басым жасоо, окуучунун байланыштуу кебин, кеп маданиятын өнүктүрүү жана практикалык стилистикага басым коюу каралган.

### НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

Окутуу-тарбиялоо ишин максаттуу жана келечектүү жүргүзүүдө мугалим өз ишин мамлекеттик маанилүү документтерге таянып жүргүзүүсү зарыл, анткени ал документтерде билим берүүнүн өнүгүшүнүн артыкчылыктуу жана келечектүү багыттары көрсөтүлгөн. Жаш муундарга ал багыттарга жараша билим берүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо мектеп мугалиминин негизги милдеттеринен болуп саналат. Атап айтканда, алар:

1) КРнын Президентинин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу" Указы (2021);

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы менен бекитилген 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы;

3) КРнын Президентинин «Улуттук нарк тууралуу» Указы (20-май, 2022-ж.).

Албетте, бул документтерди эске алуу менен, жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү маселелери, билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар болуу менен, Кыргыз Республикасында “кыргыз жараны” түшүнүгүнүн калыптанышы, улуттук нарктарды жаш муундун өкүлдөрүнө үйрөтүү, улуттук нарктуу руханий жана материалдык маданиятыбызды сактоо, коргоо, аларды кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мазмуну менен айкалыштыруу аркылуу окуу материалдарынын мазмунун байытуу, класста жана класстан тышкаркы иштерде аларды максаттуу колдонуу иштери тыгыз, ырааттуу жүргүзүлүүсү тийиш.

Бул документтер менен катар, быйылкы окуу жылында окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун концепциясы (2022), предметтик стандарт (2016) жана окуу программасы (2017) жетекчиликке алынат.

**Окуу сааттарынын жумалык көлөмү 2022-2023-окуу жылына карата сунушталган Базистик окуу планында төмөндөгүдөй:**

| к\№ | Класстары | Жума бою | Жыл бою |
|---|---|---|---|
| **1.** | 5-класс | 4 сааттан | 136 саат |
| **2.** | 6-класс | 4 сааттан | 136 саат |
| **3.** | 7-класс | 3 сааттан | 102 саат |
| **4.** | 8-класс | 3 сааттан | 102 саат |
| **5.** | 9-класс | 2 сааттан | 68 саат |
| **6.** | 10-класс | 2 сааттан | 68 саат |
| **7.** | 11-класс | 3 сааттан | 102 саат |

### КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Кыргыз тилин окутуунун жогоруда аталган жаңы концепциясында төмөндөгүдөй методикалык жаңылыктар бар. Анда, кыргыз тилин окутууда грамматикалык материалдар менен кептин материалдарын интеграциялап окутууга басым жасалды жана мындайча технология сунушталды, т.а.: 5–9-класстарда «грамматикадан-кепке», 10-11-класстарда «кептен-грамматикага». Бул мындайча түшүндүрүлөт:

- **биринчиден,** байланыштуу кептин жана кеп маданияты менен стилистиканын материалдары ар бир класстын окуу курсунун башында өз алдынча өтүлбөйт, алар мазмунуна жараша грамматикалык материалдар менен байланыштырылып бирдикте үйрөтүлөт;

- **экинчиден,** грамматикалык материалдардын кептеги кызматы так ачыкталып, «грамматика грамматика үчүн» эмес, кеп өстүрүүнүн куралы катары колдонулат жана ар бир грамматикалык сабак кеп өстүрүү менен кеп маданияты сабагы деген маанай киргизилет.

Концепциядагы дагы бир жаңылык – кыргыз тилин ишмердикке таянып окутуу менен деңгээлдик технологияны киргизүү меселелери коюлду. Ал окуу материалдарын ишмердиктин негизинде төрт деңгээлде өздөштүрүү ыкмасына негизделет, т.а.:

1. Окуу материалын билүү, маалыматтык деңгээл.
2. Билгенин практика жүзүндө колдонуу деңгээли.
3. Өздөштүрүүдө сынчыл ойломду өнүктүрүү, проблемалуу жагдайды чече билүү.
4. Окуу материалын чыгармачылык менен өздөштүрүү.

Мында ар бир деңгээл өз алдынча мүнөздүү белгилери, талаптары жана окуу тапшырмалары менен айырмаланат, т.а. «маалыматтык» деңгээлде окуучуларга кыргыз тилинин лексика-грамматикалык материалдарынын чегинде теориялык мүнөздөгү суроолор менен тапшырмалар камтылат, демек, анда окуучунун тилдик компетенттүүлүгүн текшерүү маселесине басым жасалат. «Колдонуу» деңгээлинде сабакта үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын кептеги ролун түшүнүп, аларды практика жүзүндө колдонуп машыгууга багыт берилет. Ал эми, «проблемалык» деңгээлде өздөштүрүп жаткан окуу материалдарга сынчыл көз караште мамиле жасоо, сынчыл көз караштагы суроо-тапшырмаларды аткаруу милдеттери коюлат. «Чыгармачылык» деңгээлде буга чейинки аткарылган бардык иштердин логикалык жыйынтыгы ишке ашат да, окуучу өздөштүрүп жаткан окуу материалына чыгармачылык менен мамиле жасайт, чыгармачылык шык-жөндөмүн көрсөтөт. Мындай «деңгээлдик» ыкманын максаты – окуу материалды окуучунун жаттап үйрөнүүсү менен эмес, ишмердик менен өздөштүрүү жолдору сунуш кылынат, ошол эле учурда окуучунун билими менен машыгуу жана жатыгууларын, т.а компетенттүү мамилесин «өлчөп» билүүгө мүмкүн болгон жолду табууга аракет жасалат. (С.Рысбаев, «Формативдик баалоо мезгилинде ишмердикке негизделген деңгээлдик билим берүү технологиялары, «Кутбилим» гезити, 25-май – 2-июнь.).

Мындан сырткары, кыргыз тилин окутууда грамматикалык материалдар катышкан кеп материалдарынын түрүн, жанрларын, ар түрдүү стилдердеги тексттерди колдонуу менен, маалыматтык каражаттарды пайдаланып, предмет аралык байланыштарды да ишке ашырып, STEM технологиясын чыгармачылык менен пайдаланса, сабак кыйла натыйжалуу болмокчу. Мунун баары кыргыз тили жана адабият предметинен эл аралык PISA сынагына даярданууга багытталмакчы.

### СУНУШТАЛУУЧУ МЕТОДИКАЛЫК АДАБИЯТТАР

| Методикалык колдонмолор | | | |
|---|---|---|---|
| к/№ | Авторлору | Аталышы | Жарык көргөн жылы |
| 1 | С.Рысбаев | Кыргыз тилин деңгээлдик негизде окутуу технологиялары | -Б., 2020 |
| 2 | С.Рысбаев | Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш | -Б., 2016 |
| 3 | Б.Исаков | Кыргыз тилин орто мектептин 5-11-класстарында натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо | -Б., 2011 |
| 4 | С.Үсөналиев, Т.Асанакунов | Азыркы кыргыз тилинин таблицалары | -Б., 2016 |
| 5 | Ж.Чыманов | Кыргыз тили: сабактын теориясы жана практикасы | -Б., 2007 |
| 6 | Ж.Чыманов | Кыргыз тили: окутуу методдору | -Б., 2007 |
| 7 | Ж.Чыманов | Кыргыз тили: сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы | -Б., 2009 |
| 8 | В.Мусаева | Чечендик кепти (риториканы) окутуу | -Б., 2011 |
| 9 | В.Мусаева., А.Сманбаев | Баяндама жыйнагы 5-9-кл. | -Б., 2009 |
| 10 | В.Мусаева | Кыргыз тили – кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда 5-11-кл. | -Б., 2014 |
| 11 | Т.Асанакунов | Сабактын максаттарын окуучунун позициясынан коюу (сабактардын болжолдуу планы) | Б., 2018 |
| 12 | С.Рысбаев, Б.Абдухамидова | Кыргыз тилинен жат жазуу жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы, 5-11-кл. | -Б., 2017 |
| 13 | В.Мусаева, А.Сманбаев | Жат жазуулар жыйнагы, 5-11-кл. | Б., 2015 |
| 14 | В.Мусаева., Т.Асанакунов | Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар | -Б., 2016 |
| 15 | Т.Асанакунов | Мектеп үчүн фразеологиялык сөздүк | Б., 2019 |

### ТАЛКУУГА СУНУШТАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР

1. Кыргыз тили сабагынан билим берүүнү өнүктүрүүдө жаңы концепциянын, учурда колдонулуп жаткан предметтик стандарттын жана окуу программасынын ролу кандай?

2. Кыргыз тилинен формативдик билим берүү мезгилинде деңгээлдик негизде окутуунун технологияларын сабакта кантип колдонууга болот?

3. Кыргыз тили сабактарында окуучулардын адеп-ахлактык тарбиясын өстүрүүдө иштин кандай формаларын, методдорун жана каражаттарын колдонууга болот?

4. Кыргыз тили сабактарында STEM технологиясын колдонуу менен, предмет аралык байланышты жүзөгө ашыруунун кандай ыңгайлуу жолдорун сунуштайсыз?

5. Кыргыз тили сабактарында окуучулардын ишмердик аракеттерин, чыгармачыл ишмердигин кандай жолдор менен уюштурууга болот?

С.РЫСБАЕВ,
п.и.д., профессор, КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери,
тел.: 0700 680 478

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстарында)**

### ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы, 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы - билим берүү системасын жөнгө салуучу негизги документтер. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык чөйрөсүндөгү карым-катнаштын каражаты, мыйзамдуу түрдө милдеттүү колдонулуучу тил экенин белгилейт. Мамлекеттик тил коммуникация жаатында, коомдук-социалдык тармакта кеңири колдонулуп, мыйзамдын, илимдин жана жаңы технологиялардын тили катары өнүгүүсү зарыл. Мамлекеттин негизги символу, улуттун нукура касиети катары кыргыз тилинин кадыр-баркы мындан ары да көтөрүлүүгө тийиш. Билим берүү системасында инновациялык-коммуникативдик технологияларды жана окутуунун интерактивдүү методикаларын киргизүү, маалыматтык технологияларды кеңири пайдалануу зарыл.

2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп -ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгынын ырааттуу уландысы катары Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 20-майда «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыкка кол койду. Ар бир улуттук нарк адамзаттын жан дүйнө казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат. Жалпы адамзаттык нарк улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Улуттук нарк башка элдерге да жакын жана түшүнүктүү болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирет. Ошондуктан ал калктардын, этностордун ортосундагы ынтымак-достукка, өз ара мамилеге шайкеш келип, бириктирүүчү кызматты аткарган.

Учурда элибиздин улуттук руханий маданиятын өнүктүрүү, улуттук идеологиябызды иштеп чыгуу жана бала бакчадан тартып бардык билим берүү мекемелеринде келечек муундардын улуттук баалуулуктардын негизинде тарбиялоо маселесин алдыга койду. Мектептеги ар бир предметтин мазмуну аркылуу окуучуларга компетенттүүлүктүн негизинде билим берүү менен бирге, алардын адептик маданиятын көтөрүү, тарбиялык жумуштарда улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын үйрөтүү иштери менен коштолот. Бул предмет жогорудагыдай маанилүү миссияны аткарууга, КРдагы билим берүүгө байланыштуу бир катар Мыйзамдуу актыларды турмушка ашырууга кызмат кылат.

Мамлекеттик тил коммуникация жаатында, коомдук-социалдык тармакта кеңири колдонулуп, мыйзамдын, илимдин жана жаңы технологиялардын тили катары өнүгүүсү зарыл. Мамлекеттин негизги символу, улуттун нукура касиети катары кыргыз тилинин кадыр-баркы мындан ары да көтөрүлүүгө тийиш. Билим берүү системасында инновациялык-коммуникативдик технологияларды жана окутуунун интерактивдүү методикаларын киргизүү, маалыматтык технологияларды кеңири пайдалануу зарыл.

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутууда окуучулардын төмөнкү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу каралган:**

Тилдик компетенттүүлүк – баарлашуунун темаларына, чөйрөлөрүнө жана кырдаалдарына ылайык тилдик каражаттарды (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) өздөштүрүү, кыргыз тилдин тилдик кубулуштары жөнүндөгү билимдерди, ойду билдирүүнүн түрдүү ыкмаларын өздөштүрүү.

Кептик компетенттүүлүк – кеп ишмердүүлүгүнүн төрт негизги түрү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) боюнча коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүү, тил жана кеп кубулуштарын билүү (үч аспекти: тил, кеп, кеп ишмердүүлүгү).

Социомаданий компетенттүүлүк – мектеп окуучуларынын тажрыйбасына, кызыгуусуна, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген темалардын, чөйрөлөрдүн жана баарлашуунун кырдаалдарынын алкагында окуучуларды кыргыз тилинин маданиятына, салттарына тартуу; кыргыз тилинде маданияттар аралык байланыштын шарттарында өз өлкөсүн, анын маданиятын көрсөтүү жөндөмүн калыптандыруу.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу методикасы кыргыз тилин окутууда грамматикалык мамиледен коммуникативдик-функционалдуу мамилеге багытталган. Ошондой эле деңгээлдик окутуу сунушталат. Деңгээлдик система тил үйрөнүүдө окуучу билим берүүнүн ар бир деңгээлинде эмнени өздөштүрүү керек экендигин, ошондой эле баарлашуу ийгиликтүү болушу үчүн кандай билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү керек экендигин аныктайт. Деңгээлдик мамиле, негизинен, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын өлчөнө тургандай, түшүнүктүү жана ошол эле учурда ар тараптуу кылууга мүмкүндүк берет, анын ичинде бардык аспектилерди камтыйт, алар: окуу көндүмдөрү жана ар кандай тексттерди жазуу, сүйлөө жана ар кандай кырдаалдарда кепти угуп кабыл алуу, окуп түшүнүү аспектилери.

Кыргыз тили экинчи тил катары предметтик стандартында деңгээлдер менен окутуу каралган, окуу программасында окуучуларды деңгээлдерге бөлүп окутуу сунушталган. Окуу процессинин бардык катышуучулары, анын ичинде кыргыз тили мугалимдери, ар кандай мектептин окуучулары окуу материалдарын ар башка өздөштүрө турганын билүүсү зарыл. А түгүл, бир мектептин класстарынын окуучулары бири-биринен деңгээл боюнча айырмаланат. Мисалы, 6-а класстын окуучуларынын кыргыз тилин билүүсү А2+ болсо, 6-б класстын окуучулары А1 деңгээлинде болушу мүмкүн. Ошондуктан окуучулардын тил билүү деңгээлин аныктаганда диагностикалык куралдар (аңгемелешүүдөн баштап тесттик тапшырмалар менен текшерүүгө чейин) колдонулат.

Класстты тайпаларга бөлүү диагностиканын негизинде гана жүргүзүлөт. Стандарттын талабына жооп берген деңгээлдеги окуучулар жана деңгээлге жете элек окуучулар бөлүп тайпаларга бөлүштүрүлөт. Эки тайпадагы окуучуларды окутууда алардын деңгээлин эске алуу менен эки башка мамиле болушу усулдук бирикмеде талкуу жүргүзүү аркылуу аныкталат. Стандарттын талабына жооп берген деңгээлдеги окуучулардын тайпасын окутуу деңгээлге жете элек окуучулар отурган тайпада иштөөгө караганда айырмаланып турушу керек.

### НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

**Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максат-милдеттери, окуу жүктөмү, окуучулардын даярдык деңгээлине жана компетенттүүлүгүнө талаптар төмөнкү нормативдик-укуктук документтер менен жөнгө салынат:**

1. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2004-жылдын 2-апрели №54 2009-жылдын 8-декабрындагы №307, 2010-жылдын 19-январындагы №8, 2011-жылдын 6-октябрындагы №165, 2013-жылдын 25-февралындагы №33, 2015-жылдын 23-июнундагы №135 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык);

2. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген);

3. Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы https://edu.gov.kg/events/18/;

4. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому);

5. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;

6. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (КР ББИМ коллегиясынын 2008-жылдын 24-апрелиндеги №3/1 чечими менен бекитилген);

7. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому);

8. "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына базалык окуу пландарын бекитүү жөнүндө".

Бул документтер билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттарды аныктайт, инновациялык коммуникация технологияларын, окутуунун интерактивдүү ыкмаларын киргизүү, XXI кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүү: сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык, баарлашуу, кызматташуу. Тил саясаты мамлекеттик тилди билүү, расмий тилди жана чет тилдердин бирин билген кыргыздардын үч тилдүү муунун калыптандырууга багытталган.

### КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Коомдук-саясий, укуктук жана расмий-иштиктүү, социалдык-маданий, көркөм адабият жана искусство, окуу-илимий тилдик чөйрөлөрдөгү кыргыз тили:**

- Коомдук-саясий чөйрөдө кыргыз тили – массалык маалымат каражаттарынын, эл алдында чыгып сүйлөөнүн тили.
- Укуктук жана расмий-иштиктүү чөйрөлөрдө кыргыз тили – иш кагаздарынын тили, мыйзамдардын тили.
- Социалдык-маданий чөйрөдөгү кыргыз тили – оозеки кептин тили.
- Көркөм адабият жана искусство чөйрөсүнүн кыргыз тили – көркөм адабияттын тили.
- Кыргыз тили – илимдин тили, окуу китептеринин, окуу колдонмолордун, сурап-билме адабияттын ж.б. тили.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик методиканын өзгөчөлүгү окутуу процессин мүнөзү боюнча реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырууга аракет жасоо болуп саналат. Бул жагдай сабак учурундагы мугалим менен окуучулардын коммуникацияга кызыгуучу жүрүм-турумун, кептик интенцияларды кылдат талдоодо билинген коммуникация процессинин предметтүүлүгүн, муну менен бирге окуучулардын практикалык керектөөлөрүн жана кызыгууларын чагылдыруучу пикир алышуу кырдаалдарын шарттайт.

Тилди окутууда лексикалык ишке көп көңүл буруу керек, анткени лексика-грамматика жана фонетика менен өз ара аракеттешип, кептик баарлашуунун оозеки жана жазуу формаларынын башкы каражаты болуп саналат. Сөз байлыгын өстүрүү бөлүгү окуучулардын лексикалык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталып, жөн эле жаңы сөздөрдү жаттоого эмес, тилдеги фонетикалык, грамматикалык, сөздөрдүн маанилеринин кошумча өзгөчөлүктөрүн ассоциациялык байланыштарын өздөштүрүүгө жардам берет.

Лексика менен иштөө фонетика жана грамматика менен иштөөнү айкалыштырат, анткени тилдин бардык аспектилери бири-бири менен байланышып, кептин бардык түрүн тейлейт. Окуучу сөздү көрүү, угуу, сезүү ж. б. каналдары аркылуу кабыл алуусу керек.

Педагог окуучунун лексикалык көндүмдөрүн калыптандыруу аркылуу бир нече негизги маселени чечет. Ал окуучуларды сөздүн маанисин түшүнүүгө, башкача айтканда семантизациялоого үйрөтөт;

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуп-үйрөтүү текстке багытталган окутуу менен ишке ашырылат. Текстке багытталган окутуу – бул тилдин негизин бирдиги катары текстке негизделген окуу-тарбия процессин уюштуруунун ыкмаларынын, окуу материалын берүү ыкмаларынын жыйындысы. Текст менен иштөө бир нече этаптан турат:

Өлкө таануучу кыйынчылыктарын жоюу – жазуучунун өмүр баяны жөнүндө маалыматты жана чыгарманы жаратуу мезгили. Бул маалымат чакан лекция түрүндө мугалим тарабынан берилиши мүмкүн. Бирок жазуучунун өмүр баяны жөнүндө маалыматты окуучулар мугалим сунуштаган маалыматтар же өздүк билиминин негизинде өздөрү даярдайт.

Лексикалык кыйынчылыктарын жоюу – тексттен жаңы сөздөр, фразеологизмдер, афоризм сөз айкаштары менен таанышуу. Мугалим тексттен окуучуларга тааныш эмес лексикалык бирдиктерди тандап керек.

Мугалим текстке карата сөздүк түзүп, окуучуларга сөздүктөн сөздөрдүн маанисин аныктоону сунушташ керек. Сөздөрдүн синонимин, антонимин табуу, уңгулаш сөздөрдү таап, айрым сөздөрдүн сөз жасоо ыгына көңүл буруу. Мугалим архаизмдерди, мааниси жагынан ар түрдүү лексиканы түшүндүрүп берүүсү керек. Фразеологизмдерди түшүндүрүүдө бул айтылыштардын бир нече кырдаалда колдонуусун көрсөтүү зарыл.

Текстти жеке окуу – окуучулар үчүн өз алдынча тапшырма катары сунушталат. Окуучуларга текстти окуудан башка да, окулган материал боюнча суроолор, план түзүү (чакан, кеңири, тезистик, суроолуу) сунушталат.

**Аудиториялык иш:** окулган текст боюнча суроолорго оозеки жооптор, үйдөн түзүлгөн план боюнча айтып берүү (каармандын атынан, өзүнүн атынан), тексттен алынган фразеологизмдерди өзүнүн мисалында ойлоп таап, колдонуу.

Текст менен иштөөнүн жыйынтыгы жазуу кебине алып чыгат.

Иштин акыркы этабында мугалим сунуштаган суроого тексттин мазмунун бир нече фразалар менен берүү, эссе жазуу түрүндөгү жооптор болушу мүмкүн

### ТАЛКУУ ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН ТЕМАЛАР

Август кеңешмесинде секцияларда кыргыз тили экинчи тил катары мугалимдерине төмөнкү маселелерди талкуулоо сунушталат:

1. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуп-үйрөтүү боюнча усулдук нускама кат.
2. Билим берүүнүн ар кандай баскычтарында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун өзгөчөлүктөрү.
3. Окуучулардын тил жана кептик көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн кырдаалдык тапшырмалар жана башка типтеги тапшырмалар.
4. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы усулдук кыйынчылыктар: окуучулардын каталары жана алардын себептери окуу процессин оңдоо мүмкүнчүлүгү катары.
5. Айыл жана шаар жерлеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн көйгөйлөрү жана айырмачылыктары кандай?
6. Кыргыз тили экинчи тил катары жаңы муундагы окуу китептери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү.
7. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда ачык билим берүүчү интернет ресурстарын пайдалануу.
8. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун заманбап технологиялары.
9. Кыргыз тили экинчи тил сабактарында долбоордук иштерди жүргүзүү.
10. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга деңгээлдик мамиле.

А.ОМОРОВА,
КББАнын көп тилдүү жана инклюзив билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси,
Г.МАНСАПОВА,
КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын илимий кызматкери

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстарында)

Мектептеги адабият предмети – көркөм адабиятка коом мүчөлөрүн кызыктыруунун, алардын окурмандык маданиятын калыптоонун бирден бир формасы. Кыргыз адабияты – Кыргыз Республикасынын бардык тилдеги, типтеги мектептеринде милдеттүү түрдө окутулуучу предмет.

Кыргыз Республикасынын коомдук турмушундагы олуттуу өзгөрүүлөр, калктын белгилүү бир катмарынын рухий деградацияга кабылышы, көркөм адабий китептердин мурдагыдай кеңири чыгарылбай калышы, билим берүү тармагынын дүйнөлүк стандарттарга жакындашуусу, коомдук улуттук-диндик жактан көп катмардануусу ж.б. факторлор мектепте окутулуучу адабият сабагынын мазмунун жана түзүлүшүн жаңыча иштеп чыгууну шарттады. Андыктан өлкөнүн мектептеринде бул предметти окутууну жаңы шарттарга ылайык модернизациялоо – учурдун эң актуалдуу талабы. Адамзаттын тарыхында анын прогресске жетишүүсүндө инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүндө жана дене тарбиясында адабий билим берүүнүн ролу чоң. Адабият мугалиминин өзгөчөлүгү – жазуучу – чыгарма – окурман (окуучу) үч бурчтугунун ортосунда көпүрөлүк милдет аткаргандыгы. Адабият мугалиминин башкы милдети – өз окуучусун чыныгы адам кылып, мекенчил жана улуттук рухту сыйлоочу, алып жүрүүчү катары тарбиялоо, ыйман-ынсаптуу адам катары калыптандыруу.

Мектепте адабиятты окутууга коюлган жаңы талаптар бул предмет боюнча окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү аныктап алууну талап кылат. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк чоң мааниге ээ. Предметтик компетенттүүлүк (окурмандык, баалуулук-дүйнө таанымдык, адабий чыгармачылык) окуу жана практикалык ишмердүүлүктө иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат.

**Милдеттүү түрдө (базалык билим деңгээли) кыргыз адабиятын окуган орто мектептин бүтүрүүчүлөрү төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө жетишүүсү менен аныкталат:**

- чыгармаларды окуп үйрөнүү менен негизги персонаждары, көйгөйлөрү, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, тарыхый-адабий жана азыркы учурдагы маанисин, баалуулугу жөнүндө конкреттүү түшүнүктөрдү алуу;
- адабият теориясы жана тарыхы боюнча минимум түшүнүктөргө ээ болуу, ал аркылуу көркөм чыгарманы кабыл алууну, баалоону, талдоону үйрөнүү, өзгөчө образдуулук жана идеялуулук, адабий тектер, түрлөр, жанрлар, чыгарманын көркөм тили, адабий процесстин өзгөчөлүктөрү, көрүнүктүү сүрөткердин өмүр таржымалдары, чыгармачылыгы жөнүндө зарыл билимге ээ болуу;
- окулган чыгармалардын негизинде дил баян, эссе, баяндама, реферат, пикир жаза алуу;
- окулган чыгармалардын идеясын, темасын, негизги проблемаларын оозеки жана жазуу түрүндө айта алуу, каармандарга мүнөздөмө бере билүү;
- чыгарманы окуу менен андагы идеялардан адептик-ыймандык, атуулдук тарбия алуу, эстетикалык табитин көтөрүү ж.б.

### НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

Окутуу-тарбиялоо ишинде мамлекеттик маанилүү документтерди эске алуу, жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар болуу менен, Кыргыз Республикасында "кыргыз жараны" түшүнүгүнүн калыптанышы, улуттук нарктарды жаш муундун өкүлдөрүнө үйрөтүү, улуттук нарктык руханий жана материалдык маданиятыбызды сактоо, аларды кыргыз адабияты сабактарынын мазмуну менен айкалыштыруу аркылуу окуу материалдарынын мазмунун байытуу, аларды максаттуу колдонуу мектеп мугалиминин негизги милдеттеринен болуп саналат. Ошондой эле бул документтер билим берүүдө инновациялык технологияларды, окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу, XXI кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүү: сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык, баарлашуу, кызматташуу ж.б. артыкчылыктуу багыттарды аныктайт.

**Атап айтканда, алар:**

1. КРнын Президентинин Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу Указы (2021);
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы менен бекитилген 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы;
3. КРнын Президентинин «Улуттук нарк тууралуу» указы, 20-май, 2022-ж.;
4. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген);
5. Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому).

Бул документтер менен катар, быйылкы окуу жылында адабий билим берүүнүн концепциясы (2022), предметтик стандарт (2016) жана окуу программасы (2017): Кыргыз адабиятын кыргыз мектептеринде окутууда С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов 5-6-класстары үчүн, ал эми 7–11- класстар үчүн С.Байгазиев, А.Муратов түзгөн окуу программасы (2018) жетекчиликке алынат.

КР Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылы үчүн Базистик окуу планына ылайык мамлекеттик компоненттеги кыргыз адабиятына ыйгарылган сааттарда өзгөрүүлөр болгон жок.

| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бөлүнгөн сааты | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| Жыл бою | 68 | 68 | 102 | 68 | 102 | 102 | 102 |

### КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Бүгүнкү күндө окутуунун натыйжалары – бул теориялык билимдердин жыйындысы болбостон, ал билимдерди окуучулар практикада, өз жашоосунда колдонуу болуп эсептелет. Инсанга багыттап окутууда компетенттүүлүктөрдүн негизинде негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр боюнча репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү (чыгармачылык) деңгээлдерде окуучулар ээ боло турган натыйжаларга көңүл буруу зарыл.

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга өзгөчө маани берилет. Кыргыз адабиятын окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун объектисин көркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо иштери, чыгармаларга карата эссе же пикир жазуу, аргументтөө аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендиги байкалат. Эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү, долбоорлоо, стандарттык эмес сабактын формалары, интерактивдүү ж.б. методдор аркылуу кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү, шыктандыруу окуучулардын натыйжалуу билим алышына өбөлгө түзөт. Салттуу окутуудан айырмаланып, интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.

Интерактивдүү иштөөдө акыл чабуулу, биргелешип окуу методу, маалыматты түшүнүп окуу көндүмүн өнүктүрүүчү методдор, текстти жаратуучу ар кандай методдорду (бешон мүнөттүк эсселер, аргументтүү эсселер, дил баян, пикир жазуу ж.б.) колдонсо болот.

Ошондой эле кейс-технологиялар бир эле учурда ролдук оюндарды, долбоордук ыкманы жана кырдаалдык анализди айкалыштырат. Кейс технологиялары мугалимди кайталоо, абзацты же текстти кайталап айтуу, мугалимдин суроосуна жооп берүү эмес, бул конкреттүү кырдаалды талдоо, алган билимдерин жогорулатууга жана аны иш жүзүндө колдонууга, окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга, мектеп окуучуларында коомдук активдүүлүк, баарлашуу жөндөмү, угуу жөндөмдүүлүгү жана өз ойлорун сабаттуу айтуу сыяктуу сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет.

Акыркы убакта долбоор ыкмасына жана STEM технологиясына көп көңүл бурулуп жатат. Бүгүнкү күндө STEM (STEAM) методу билим берүүнүн эң заманбап жана келечектүү тенденциясы. Көпчүлүк Батыш өлкөлөрүндө дал ушундай ыкма колдонулуп келе жатат. Бул илим, инженерия, технология, математика бир билим берүү программасына бириктирилген. STEAM – бул аралаш билим берүү чөйрөсүндө балага илимди жана искусствону күнүмдүк жашоодо кантип колдонууну көрсөтүп-үйрөтүүчү дүйнөлүк билим берүү тенденцияларынын бири. Заманбап педагогикалык технологияларга ээ болуу (STEM технологиялары, долбоордук окутуу технологиясы, көйгөйлүү окутуу технологиясы, кызматташуу технологиясы, компьютердик технология) мугалимдин методикалык маданиятынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Жаңы технологияларды окуу процессине киргизүү окуучунун көнүмүш мамилесин, ошондой эле мугалимдин позициясын да өзгөртөт.

Окуу сабаттуулугу – алдыга коюлган максаттарга жетүү, билим деңгээлин жогорулатуу, мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, социалдык жашоо-турмушка аралашуу үчүн окуу менен алектенүү, жазуу жүзүндөгү тексттерди түшүнүү жана аларды пайдалануу жөндөмү. Рухий көрөңгөнү окуучунун жүрөгүндө, дилинде түнөтүү үчүн сөз өнөрүн мурдагыдай шаблондуу жол менен окута бербей, аны азыркы учурда дүйнөлүк дидактика, педагогика, психология, логика, филология, эстетика, этнопедагогика сунуш кылган, мектеп практикасында тастыктоодон өткөн методдор менен үйрөтүү, тарбиялоо зарыл. Башкысы, кыргыз окуучусунун психологиясына жана менталитетине жугумдуу, алгылыктуу заманбап технологиялар, электрондук окуу ресурстары аркылуу окутуу процессин уюштуруу чыгармачылыкты өстүрүүдө мезгил талабы болуп эсептелет. Адабият сабагындагы окуучулардын чыгармачылыгы дегенде көпчүлүк учурда алардын класстан тышкары иштерин түшүнүү менен чектелүүгө болбой тургандыгын жаңычыл окутуучулар эбак далилдешти. Негизги маселе – окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн сабакта уюштуруу, ошондой чыгармачылыкты ойготкон сабакты жаратуу маселеси. Адабияттын негизги милдети – баладагы сезимди тарбиялоо, сезимди курчутуу жана өнүктүрүү. Ал сабактын эмоционалдык таасиринен башталат.

PISA ар кандай кырдаалда туура окуу жөндөмүн текшерүүгө багытталат, окуу сабаттуулугу деп адамдын жазуу жүзүндөгү тексттерди түшүнүү жана алар жөнүндө ой жүгүртүү, б.а. текстти түшүнүү жана чечмелөө жөндөмү деп түшүнүүгө болот. Дал ушул жөндөм заманбап адамдын сабаттуулугунун негизги компоненти болуп саналат. Демек, кыргыз тили, адабияты сабактарында окуп-түшүнүү, угуп-түшүнүү сабаттуулуктарын, текст менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын, сынчыл ойломдорун өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө зарыл.

Билим берүү тутумун санариптештирүү зарыл экендигин, ар бир адамдын бүгүн интернет жана веб-технологияларды эркин пайдалана алышын жашоо талап кылып турат. Электрондук окуу комплекстерин, онлайн тесттерин колдонуу, видеосабактарды көрүү менен кайтарым байланыш түзө билүү, б.а. МКТды колдонуу окуучулардын өз алдынча иштөөсүн жана ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө шарт түзөт. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянсак, маалыматтык-коммуникациялык технологиялык каражаттарын, анын ичинде электрондук билим берүүчү каражаттарды, атап айтсак, электрондук окуу китебин колдонуу маалыматтык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга түрткү берет. Бүгүнкү күндө маалыматтык технологияларды колдонбой туруп конкуренцияга жөндөмдүү, заманбап адистерди даярдоо мүмкүн эмес экендиги баарыбызга маалым. Ошол себептүү окуучуга болобу, студентке болобу маалыматтык жаңы технологияларды өздөштүрүүгө жана алган теориялык билимдерин сабаттуу колдонууга гана үйрөтпөстөн, чыгармачыл ой жүгүртүүгө да үйрөтүү эң маанилүү экендигин эстен чыгарбашыбыз зарыл. Маалыматтык технологияларды белгилүү өлчөмдө окутуунун башка методдору менен туура айкалыштырып колдонгондо гана мугалим оптималдуу натыйжага жетишет. Окуу-тарбия процессин маалыматтык-методикалык жактан камсыз кылуунун негизинде маалыматтык өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

**Талкуулоого сунушталуучу болжолдуу темалар:**

1) Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн жаңыланган Мамлекеттик билим берүү стандартын талкуулоо;

2) Кыргыз адабиятын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун окуу-ченемдик документтери (предметтик стандарт, окуу программалары) тууралуу;

3) Адабий билим берүүнүн жаңыланган Концепциясын талкуулоо;

4) Көркөм чыгарманы талдоону үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдору;

5) Кыргыз адабияты предметин максаттуу жана натыйжалуу окутуу боюнча өз ара тажрыйба алмашуу;

6) Мектеп практикасында кыргыз тили, адабияты мугалимдеринин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу жана келечектүү чечимдерин кабыл алуу;

7) Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметинин программасы, окуу китептери боюнча ой-сунуштар;

8) Кыргыз адабияты сабагын окутууда заманбап усулдарды колдонуу;

9) Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун формалары, ыкмалары;

10) Кыргыз адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде натыйжага багыттап окутууга карата деңгээлдик тапшырмалар;

11) Окурмандык сабаттуулук компетенциясын калыптандыруу жана баалоо;

12) Окурмандык сабаттуулук компетенцияларын калыптандыруу ыкмалары жана усулдары;

13) Кыргыз адабияты сабагында техникалык каражаттарды, көргөзмөлүүлүктү пайдалануунун усулдары (электрондук окуу материалдары, мультимедиалык материалдар, аудиотексттер, видеофильмдер ж.б.).

А.БАТЫРКУЛОВА,
КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, тел.: (0312) 62 23 72, 0707 870 604

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстарында)

Мектеп курсунда тигил же бул элдин адабиятын окуу (маселен кыргыз окуучусу орус адабиятын, Кыргызстандагы башка улуттар кыргыз адабиятын) – бул тексттерди гана өздөштүрүп алуу дегендик эмес, ошол тексттерде камтылган улуттук салт, адат, эл, улут маданиятын, этнопедагогикасын, тарыхын үйрөнүү дегендик. Ушул позициядан алып караганда Кыргызстанда мамлекеттик тил болгон кыргыз тилин терең өздөштүрүү үчүн кыргыз адабиятын окып үйрөнүүгө чоң маани берилет. Башкача айтканда, тил аркылуу адабиятты терең өздөштүрүү процесси жүрүшү керек.

Ал эми адабият сабактары аркылуу окуучунун оозеки жана жазуу речин калыптандыруу, аны сабаттуу сүйлөөгө, сабаттуу жазууга көндүрүү маселесин жолго коюу шарт.

Кыргыз адабиятын окутуу методдору, формалары менен каражаттары предметтик стандартка, адабий билим берүүнүн концепциясына жана программага ылайыкталып түзүлөт жана ошого жараша орто мектептерде окуу процесси жүргүзүлөт. Адабий билим берүүнүн концепциясында окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде да алгылыктуу пикирлер айтылган. Кыргыз эмес топтордо, класстарда, мектептерде кыргыз адабиятын окутуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин ар тараптуу жана терең үйрөнүү максатын көздөйт. Анда адабий материалдар тил үйрөнүүгө көмөктөшүүгө тийиш болгондуктан чыгармалар кеңири адабий-теориялык жана тарыхый талдоого алынбайт да, этномаданий, этнопедагогикалык, лингвистикалык маанисине өзгөчө басым жасалат. Окуучулар бул сабактарда полимаданий инсан катары өзүн калыптоого багыттап, башка улуттук руханий байлыктарды өздөштүрүү сезимин өстүрөт, өздөрүнүн эне тилинде үйрөнүп жаткан чыгармалар менен кыргыз адабиятынын чыгармаларын салыштырып көрүү компетенттүүлүктөрү калыптанат, жалпы улуттарга мүнөздүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөнөт. Бул курста орус класстарга орус жазуучуларынын, өзбек класстарында өзбек классиктеринин, тажик мектептерде тажик жазуучуларынын чыгармаларын да кыргыз тилинде кыргыз адабияты предметинде сунуш кылууга болот. Мында маданияттардын диалогу ишке ашып, кыргыз адабияты маданияттаануу функциясы менен өзгөчө көрүнүүгө милдеткер.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгында "жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданияттарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо" иши мамлекеттик ички саясаттын эң бир приоритеттүү багыты катары белгиленди.

Бүгүнкү күндө өлкөдөгү руханий, нравалык, адеп-ахлактык, моралдык өксүк өкүм сүрүп турган шартта адамзаттык баалуулуктардын нарк-насилдин негизинде билим берүүдө, тарбиялоодо жаштардын руханий маданиятын, жарандык руханий кайра жаралуусун калыптандырууда өтө маанилүү болуп, мамлекеттин түпкү элинин адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу – бүгүнкү күндүн олуттуу, актуалдуу маселеси.

Кыргыз адабиятын окутуу мамлекеттик эмес тилде жүргүзүлгөн мектептерде (орус, өзбек, тажик) кыргыз тилинде колдонууга, көркөм чыгармалар, аларда жаткан өзөктүү идеялар, көркөм образдар, көркөм сөз каражаттары аркылуу мамлекетибиздин мекенчил жаранын, чыныгы атуулун тарбиялоо милдети турат. Кыргыз адабияты предмети окуучунун жазуу жана оозеки речь маданиятын өстүрүүгө жардам берүүнүн, тилдик билимин турмушта көрсөтүүнүн жакшы мүмкүнчүлүгү экендиги талашсыз. Ошол тил аркылуу алар кыргыздын улуттук өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүшөт.

Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин адабият мугалими кыргыз улутунун маданиятын, салт-жөрөлгөлөрүн, адат-нускасын таратуучу болушу шарт. Бул адабият сабактарындагы көркөм образдар, автордун тили аркылуу ишке ашырылышын эсте тутканы дурус. Балдар көркөм чыгарманы үйрөнүп жатып оозеки жана жазуу речинин сабаттуулугун камсыз кылсын.

Окутуу процесси орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн түзүлгөн программада да ушул маселе баса белгиленген, анда минтип жазылат: "Эң негизгиси окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучулары кыргыз адабиятынын тарыхын, теориясын толук терең билип, чыгармага адабий талдоо жүргүзүү эмес, башкысы – бөтөн тилди үйрөнүү көндүмдөрүн жатыктыруу, тилдик билимин практикада текшерип көрүү жана байытуу. Демек, кыргыз адабияты сабактары ушул милдетти аркалоону башкы максат кылып койду". Экинчи жагынан, Кыргызстандагы окутуу процесси кайсыл тилде жүргүзүлгөнүнө карабастан (буга орус, өзбек, тажик тилдери да кирет) мектеп окуучусу чейректик жана классты аяктоо сынактарына, мектепти бүтүрүү экзамендерине, ошону менен гана чектелбей республикалык жана эл аралык олимпиадаларга, эл аралык окуучулардын билим деңгээлин аныктоочу, сынактан өткөрүүчү STEAM, PISA программаларына да даяр болгондой билим, билгичтик жана көндүм – адаттарга ээ болуулары керек. Окуучунун предметтик компетенциялары мына ушуларга багытталганы оң.

Учурдагы көйгөй катары буларды белгилөө зарылдыгы бар: Жогоруда айтылган окуучунун билимин текшерүүчү эл аралык программалар (STEAM, PISA) он төрт – он беш жаш курагындагы окуучулардын жалпы дүйнө таанымын, ой жүгүртүү чабытын гана аныктабайт (булар деле маанилүү фактор экендигинде талаш жок), алардын суроолорунун көпчүлүгү окуучунун функционалдык грамматикасына байланышат. Текстти окуп, окуганын кайрадан айтып бере алуусу (кайтарым байланыш), текст боюнча түзүлгөн суроолор менен тапшырмаларга туура жооп берүүсү, керек учурда ошол өздөштүргөн текстинен керектүү цитаталарды пайдалануу көндүмдөрүнө басым жасалат, мына ушул маселе азыр Кыргызстандын билим, тарбия берүү системасындагы негизги көйгөй. Мектеп курсунда окутулуп жаткан ар бир предметте текст болот, алар предметтин спецификасына ылайык ар кандай мазмунда, ар кандай көлөмдө болушу мүмкүн. Ошого карабай ар бир предмет мугалими текстти өздөштүрүү маселесин биринчи планга койгону туура. Бул жалаң эле кыргыз тили менен адабияттын объектиси эмес.

### ПРЕДМЕТТИ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Мында окутуу процесси мамлекеттик тилде эмес жүргүзүлгөн мектептерде (класстарда) кыргыз адабиятын окутуу методдору, формалары менен каражаттары предметтик стандартка, адабий билим берүүнүн концепциясына жана программаларына ылайык, ошону менен бирге КРнын билим берүү жана илим министрлигинин иш пландарына ылайык түзүлдү.

Соңку мезгилдердеги улуттар аралык ар кандай локалдык масштабдагы келишпестиктер, диний-радикалдык агымдардын өспүрүмдөргө, жаштарга тийгизген таасиринен улам ыймандык, адеп-ахлактык тарбия, билим берүү багытында кыргыз адабияты предметинин (адамтаануу предмети катары) ролу өзгөчө маанилүү экендиги билинди. Мында кыргыз адабияты сабагынын башка максат-милдеттерине ылайык, негизинен, жергиликтүү элдин салтын, маданиятын, тарыхый басып өткөн жолун, элдик ишенимдерин үйрөтүү, эң башкысы, мамлекеттик тилди практика жүзүндө колдонууга багыт берүү менен көмөк көрсөтөт.

Кыргыз адабиятын окутуу компетенттүүлүккө негизделип, окуучунун кайсыл улуттун өкүлү экендигине карабай инсанга багыттап окутуу маселесин мугалим эсинен чыгарбаганы шарт. Ал эми предметтик компетенттүүлүктөр боюнча репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү (чыгармачылык) сыяктуу деңгээлдерге, түпкүлүгүндө, окуучулар ээ боло турган натыйжалар катары каралганы туура. Ушунда гана окуучу PISA сыяктуу эл аралык билимди текшерүү программаларына даяр болот. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасын, сапатын аныктоо ишинде предметтик компетенттүүлүк чоң мааниге ээ. Предметтик компетенттүүлүк ар бир сабакта, окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана калыптандырылат.

Бүгүн адабият мугалиминин максаты менен милдеттери окуучуларына супсак маалыматтардын жыйындысын, топтомун шыкап коюу эмес. Учурдагы билим берүүнүн максаты – бул сынчыл ойлому өнүккөн инсанды тарбиялоо жана окутуу менен бирге окуучулардын ойлонууга болгон муктаждыгын, ар кандай кырдаалды талдоого жана аларды туура баалоого, ар түрдүү маселелерди чечүүнүн оптималдуу жолун табууга үйрөтүү. Мындай методдор окутуу кайсыл тилде жүргүзүлгөнүнө карабай азыркы дидактиканын башкы талаптарынын бири.

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендиги байкалат. Эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү, долбоорлоо, стандарттык эмес сабактын формалары, интерактивдүү ж.б. методдор аркылуу кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү, шыктандыруу окуучулардын натыйжалуу билим алышына өбөлгө түзөт. Электрондук окуу комплекстерин, онлайн тесттерин колдонуу, видеосабактарды көрүү менен кайтарым байланыш түзө билүү да күндүн актуалдуу талаптарына ылайык.

### КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН БӨТӨН УЛУТТАРГА ОКУТУУНУН МАКСАТ-МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз адабияты предметинин башкы максаты – кыргыз адабий казынасын кыргыз тилинде тааныштыруу аркылуу кыргыз адабияты тууралуу мекендеш окуучулардын жалпы түшүнүктөрүн калыптандыруу, кыргыз тилинен алган билимдерин, оозеки жана жазма речин өстүрүүгө көмөктөшүү, адабий чыгармалар боюнча түпкү элдин жалпы улуттук, этнографиялык, этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, менталитетин, психологиясын таанып билүү, адабияттын адептик, эстетикалык, гедонисттик, тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк таасирин өзгө улуттун жаштарына сиңдирүү; алардын адабий – теориялык, маданий, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу.

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятынан билим берүүнүн милдеттери төмөнкүлөр:**

• кыргыз адабиятын окутуу менен мектеп чөйрөсүндө мамлекеттик тилдин кеңири колдонулушун камсыз кылууга жетишүү;

• окуучуларды кыргыз фольклору, эл акындарынын чыгармалары жана профессионал жазма адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу;

• жаш муундарды жашап жаткан мамлекетинин негизги улуттук маданиятын, тарыхын сыйлоого үйрөтүү, өлкөнүн улуттар аралык тили катары мамлекеттик тилди сезе билүүсүнө жетишүү;

• кыргыз адабиятын окуу аркылуу мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү;

• кыргыз адабияты сабагында чыгармаларды окуу, түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү деңгээлине жетишүү;

• мамлекеттик тилде өз оюн сабаттуу жаза билүүгө үйрөнүү;

• кыргыз адабияты аркылуу улуттарды, элдерди урматтоо сезимдерин калыптандыруу, өстүрүү.

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуудагы айрым көйгөйлөр:**

Азыркы учурда Кыргызстанда мамлекеттик тилде кыргыз адабиятын окутуу бир топ аймактардагы мектептерде такыр баштала элек, айрым жерлерде бардык класстарда окутулганы менен окуучунун да, мугалимдин да колдорунда окуу китептери жок. Ал эми республиканын айрым региондорунда мектептин бешинчи – алтынчы класстарынын гана окуу китеби бар болгондуктан кыргыз адабияты ошол класстарда гана окутулуп, андан жогорку класстардагы адабият сабагынын сааттарын кыргыз тилине ыйгарып алышкан, бул чоң көйгөй.

• Окутуу орус, өзбек жана тажик мектептер үчүн жарык көргөн кыргыз адабияты окуу китептеринин, хрестоматиялардын сапатын жогорулатуу, айрымдарын кайрадан жазып чыгуу зарылдыгы бышып жетилди;

• кыргыз адабиятын окутууга карата методикалык колдонмолордун, окуу куралдарынын жетишсиздиги;

• окутуу орус, өзбек, тажик мектептеринде иштеген кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин алдыңкы тажрыйбаларынын жайылтылбай жатышы;

• мугалимдерге керектүү кошумча адабияттардын, дидактикалык материалдардын жетишсиздиги;

• кыргыз адабияты сабагында техникалык каражаттардын, көргөзмөлүүлүктүн (электрондук окуу материалдары, мультимедиалык материалдар, аудиотексттер, көркөм жана окуу боюнча видеофильмдер ж.б.) жетишпестиги ж.б.

### ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖАНА КОШУМЧАЛАР ТУУРАЛУУ

Кыргыз адабияты предмети боюнча окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты сабагынын окуу сааттарында өзгөрүү жок. Кыргыз адабияты предметин натыйжалуу окутуу, бир гана окуу китебин колдонуу жетишсиз, ошондуктан мугалимдин учурдун талабына ылайык болгон, башка кошумча адабияттарды да, тексттер жыйнактарын да аудио-видео каражаттарындагы керектүү материалдарды колдонуусу сунуш кылынат.

### СУНУШТАЛГАН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

2022-2023-окуу жылында кыргыз адабиятын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн түзүлгөн программа (түзүүчүлөр: А.Муратов, Р.Асакеева, Б.Кыдырбаева) ушул окуу жылында да күчүндө. Ал эми орус, өзбек жана тажик мектептеринде окутуу 5-9 класстары боюнча түзүлгөн программа авторлор – С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов, ал эми 10-11-класстар үчүн өткөн окуу жылында колдонулган окуу программа жетекчиликке алынат. Экинчи, альтернативдүү программа катары окутуу процесси орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн колдонулуучу программа, авторлору – А.Муратов, К.Акматов. Ал эми, тажик мектептери үчүн окуу программасы, өзбек мектептери үчүн түзүлгөн окуу программалары жетекчиликке алынат.

**Талкуулоо үчүн сунуштар:**

1. Кыргыз адабиятын окутуу, орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерде окутуу үчүн окутуунун нормативдик документтери (предметтик стандарт, окуу программалары жана окуу китептери), алардын учурдагы абалы.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгын жана "Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясынын" ишке ашырылышын талкуулоо.
3. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринде көркөм текст менен иштөөнүн жолдору.
4. Кыргыз адабияты сабактарында негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу маселелери.
5. Кыргыз адабияты сабагында техникалык каражаттарды, көргөзмөлүүлүктү пайдалануунун усулдары ("STEAM" платформасын колдонуу, электрондук окуу материалдары, мультимедиалык материалдар, аудиотексттер, көркөм жана окуу боюнча видеофильмдер).
6. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердеги кыргыз адабияты предметинин программалык мазмуну, алар боюнча жазылган окуу китептеринин абалы.

А.ТУРДУГУЛОВ,
ф.и.д., ККБАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери,
тел.: (0312) 62 23 72, 0551 13 08 61

# РУССКИЙ ЯЗЫК

## (для школ с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения)

Изучение языков является приоритетным направлением в образовании Кыргызской Республики. Языковая политика страны направлена на подготовку многоязычного и поликультурного индивида, что предполагает владение не только родным, но и другими языками.

Официальный (русский) язык является обязательным для изучения во всех школах. Он также является языком межнационального общения, открывающим доступ к другим культурам, и инструментом доступа к информации и получению образования. Неоспоримое значение русский язык имеет также в развитии науки, культуры и техники.




На уроках русского языка решаются задачи образования, в интересах устойчивого развития (ОУР): развивается критическое мышление, формируется способность ученика анализировать, принимать решения в различных ситуациях (учитывая культурное многообразие), развивается коммуникабельность, формируются навыки в области поиска и переработки информации; социальные и межкультурные навыки (умение работать в команде, навыки общения), навыки самоуправления (мотивация к обучению, творчеству, способность приспосабливаться к переменам) и др.

**В основе преподавания курса «Русский язык для школ с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения» лежит формирование у учащихся следующих компетентностей:**

Языковая компетентность – овладение языковыми средствами (фонетическими, орфографическими, лексическими, грамматическими) в соответствии с темами, сферами и ситуациями общения, отобранными для начальной школы, освоение знаний о языковых явлениях изучаемого языка, разных способах выражения мысли в изучаемом языке.

Речевая компетентность – развитие коммуникативных умений в четырех основных видах речевой деятельности (говорении, аудировании, чтении, письме), владение явлениями языка и речи (три аспекта: язык, речь, речевая деятельность).

Социокультурная компетентность – приобщение учащихся к культуре, традициям и реалиям изучаемого языка в рамках тем, сфер и ситуаций общения, отвечающих опыту, интересам, психологическим особенностям младших школьников; формирование умения представлять свою страну, ее культуру в условиях межкультурного общения на изучаемом языке.

Методика преподавания русского языка как второго направлена на изменение подходов в обучении русскому языку как второму с грамматического на функционально-коммуникативный и связывает обучение русскому языку в школе с уровневой системой. Уровневая система определяет, чем необходимо овладеть изучающим язык на каждой ступени образования, чтобы использовать его в целях общения, а также какие знания и умения ему необходимо освоить, чтобы коммуникация была успешной. Уровневый подход позволяет, прежде всего, сделать результаты обучения измеримыми, понятными и в то же время многосторонними, включая все аспекты: и навыки чтения, и навыки писать различные тексты, и говорить, и воспринимать речь в разных ситуациях.

### НОРМАТИВНЫЕ ДОКУМЕНТЫ

**Обучение русскому языку как второму: цели и задачи, учебная нагрузка, базовые требования к уровню подготовки и компетентностям учащихся регулируются следующими нормативно-правовыми документами:**

1. Государственный образовательный стандарт школьного общего образования Кыргызской Республики.
2. Предметные стандарты, учебные программы по русскому языку в школах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения.
3. Базисный учебный план на 2022-2023 учебный год. URL: https://kutbilim.kg/ru/

